## ФИЛОЛОГИЯ

УДК: 355.48:82 (575.2)(04)

**Кадырманбетова Айнура Күмөновна**
башкы илимий кызматкер,
филология илимдеринин доктору
ai.ilim@mail.ru

# Ч. АЙТМАТОВДУН СОГУШ ТЕМАСЫНА КАРАТА ЭТИКО-ЭСТЕТИКАЛЫК КОНЦЕПЦИЯСЫ

**Кадырманбетова Айнура Күмоновна**
главный научный сотрудник,
доктор филологических наук
ai.ilim@mail.ru

# ЭТИКА-ЭСТЕТИЧЕСКАЯ КОНЦЕПЦИЯ ТЕМЫ ВОЙНЫ У Ч. АЙТМАТОВА

**Kadyrlmanbetova Ainura Kumenovna**
Chief Researcher at the Doctor of Philological Sciences
ai.ilim@mail.ru

# ETHICO-AESTHETIC CONCEPT OF THE THEME OF WAR IN CH. AITMATOV

*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын*
*Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту*
*Институт языка и литературы имени Ч. Айтматова*
*Национальной академии наук Кыргызской Республики*
*Ch. Aitmatov Institute of Language and Literature of the National Academy*
*of Sciences of the Kyrgyz Republic*

**Аннотация.** Макалада Ч. Айтматовдун согуш темасындагы терең жана көп пландуу чыгармаларындагы этико-эстетикалык концепциясы талдоого алынат. Анын чыгармаларында согуштагы жоокердик эрдиктер эмес, адам өмүрүнүн баалуулугу, кандай кыйынчылык шарт болбосун адамкерчилик сапатты бийик сактоо жолундагы адам рухунун күчтүүлүгү даңазаланат. Айтматовдук образдардын жаралышындагы эпикалык масштабдуулук менен назик лиризмдин тогошуусу акыл-эс деңгээлиндеги кабыл алуу менен катар сезимдик деңгээлдеги кабыл алууга көбүрөөк таасир этери белгиленет.

**Негизги сөздөр:** Айтматов, согуш, этика, эстетика, концепция, образ, лиризм.

**Аннотация.** В статье проанализирована этико-эстетическая концепция Айтматова в его многоплановых работах на тему войны. Его произведения прославляют не воинские подвиги, а ценность человеческой жизни, силу человеческого духа в сохранении высокие человеческие качества независимо от сложных обстоятельств. Отмечается, что образы сочетающие эпического масштаба и тонкого лиризма оказывает большое воздействие на восприятие не только на уровне разума, но ина уровнен чувств.

**Ключевые слова:** Айтматов, война, этика, эстетика, концепция, образ, лиризм

**Abstract.** The article analyzes the ethical and aesthetic concept concept of Ch. Aitmatov in his deep and multifaceted works on the theme of war. His works reflect not only the exploits of soldiers in war, but also the value of human life, the strength of the human spirit, which allows one to maintain high human qualities despite difficult circumstances. It is noted that the combination of epic scale and subtle lyricism in the creation of Aitmatov's images has a greater impact both on the emotional level and on the intellectual one.

**Keywords:** Aitmatov, war, ethics, aesthetics, concept, image, lyricism.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы басымдуу орун ээлеген тематикалык багыттардын бири – бул согуш темасы. Бул тема жазуучунун «Газетчик Дзюйо», «Ашым» аттуу алгачкы үйрөнчүк аңгемелеринен тартып, эң соңку «Тоолор кулаганда» романына чейин улам тереңдетилип, улам татаалданып, ырааттуу эволюциялык идеялык-көркөмдүк өсүштө өнүктүрүлүп жүрүп отургандыгын көрүүгө болот.

Дүйнөлүк адабиятта, искусстводо согуш темасына байланыштуу бир топ мыкты шедевр чыгармалар бар. Элдик оозеки чыгармачылыктагы баатырдык эпос, көлөмдүү эпикалык дастандардын дээрлик бардыгы да ушул теманын айланасында жаралган эмеспи. Ал эми улуттук кыргыз адабиятыбыздагы ушул тематикадагы поэзия, проза, драмалык чыгармаларга бир сыйра үстүрт көз жүгүртүп өтө турган болсок, анда да көркөмдүк деңгээли жогору бир топ эле адабий үлгүлөрдүн бар экендигине күбө болобуз. Фронтовик акындар М. Элебаев, Ж. Турусбеков, Т. Үмөталиев, С. Эралиев, С. Жусуевдердин ыр поэмалары, фронтовик жазуучу У. Абдукаимовдун «Майданы», алардын замандаштарынын жана согуштун каарын көргөн кийинки муундагы калемгерлердин толуп жаткан чыгармалары. Аларда согуш ар түрдүү өңүттөн каралды – патриоттук-агитациялык, героикалык пландагы чыгармалардан тартып согуштун адамдардын турмуш-тагдырына, мүнөзүнө тийгизген ар кандай таасирлерин психологиялык өңүттөн көркөм иликтөөгө алган чыгармаларга чейин бар. Анткен менен ошол узун тизмектеги чыгармалардын катарынан теманын ачылыш деңгээли, проблемага карата өзгөчө концептуалдык мамилеси боюнча айтматовдук чыгармалар өзгөчөлөнүп бөлүнүп тургандыгын байкоого болот.

Алгач сөздү жазуучунун биринчи повести «Бетме-беттен» баштайлы. Ооба, Айтматов ушул алгачкы повестинде эле советтик адабиятта биринчилерден болуп согуш качкыны жөнүндө, башкача айтканда, дезертирлик темасына кайрылды. Дүйнөнү фашизмдин кулчулугунан куткарган өлкө катары Совет өлкөсүнүн аброю артып турган ошол даңазалуу мезгил (согуштан кийинки 45–60-жылдар) үчүн, дегеле советтик-коммунисттик идеология көркөм чыгармалардан коллективизм идеясынын, коммунисттик духтун чагылуусун талап кылган мезгил үчүн согуш качкынын тагдыры жөнүндө чыгарма жазыш таптакыр күтүүсүздүк болгону чындык.

Бирок, албетте, повесть аркылуу биз сөз кылмакчы болуп жаткан жазуучунун өзгөчөлүктүүлүгү жөнүндөгү кептин негизи мында, чыгарманын тематикалык-проблемалык жаңы багытында эле эмес. Жаңы теманы да мурдагы тапталган жол менен, көнүмүш ыкка салып чагылдырса болот жана боло келген. Жазуучунун өзгөчөлүгү – өзү менен замандаш акын, жазуучулар көп кайрылган согуш темасын, андагы проблематикалык жаңы багыттарды башкаларга көп окшобогон, өзгөчө идеялык-эстетикалык концепцияда ачып бергендигинде.

20–50-жылдары,андан кийинда советтик адабиятта турмушту, каармандарды карама-каршы талаптуу эки позицияга ачык, так бөлүп сүрөттөө принциби орун алып жана ал принцип боюнча акын, жазуучу, сүрөткердин саясий, таптык позициясы чыгармадан ачык, так көрүнүп турушу зарыл деп эсептелип келгендиги белгилүү. Бул принцип боюнча (ошондой эле формалдык логиканын закону боюнча да) согуш качкыны терс каарман, демек чыгармадагы жазуучунун милдети да, максаты да ал каармандын жек көрүндү образын жаратыш керек, анын «жазасын бериш» керек, аны окуган окурмандын да ага карата жек көрүү сезими ойгонуп, терс каарман жазаланып, адилеттүүлүк орун алгандыгына ыраазы болуп, табасы канышы керек.

Бирок, «Бетме-бетти», Ысмайылдын тагдырын окуп жаткан учурубузда, окуп бүткөндөн кийин деле бизде эмнегедир, мындагы терс каармандын качкындыгына карата бир жактуу жек көрүү (чечкиндүү, «бекем ишенимдүү» (убежденная) жек көрүү деп койсок да болот), күрөшчүл сезим туулбайт (уурулукка барганын күнөөлөп, кечирбей турганыбызга карабастан).

Жайчылык турмушта эч кимге залакасы жок, адал эмгеги менен күн көрүп, келечекке карата үмүт тилеги – энесинин алдында балалык парзын өтөп, ата салтын улап аркасына тукум калтырып бала-чакалуу болуу,

үй-бүлөлүк бакыт жөнүндө гана болуп, андан артык дөөлөттү деле көксөбөгөн адамдын, башкача айтканда, Ысмайылдын жай турмушу капыстан бузулду. Анын жеке турмушуна сырткы, күтүлбөгөн коомдук окуялар суроо-сопкутсуз киришип, оорулуу карыган энеңди ташта, жаңы баш кошкон сүйүктүү жарыңды ташта, жаңы салынып, көп жумушу бүтө элек тамыңды ташта, төрөлө элек тун балаңды ташта, чакырып чайлашууга үлгүрө элек кайын журтуңду ташта, сүйгөн дыйканчылык ишиңди ташта да, колуна курал алып, ата-бабаң таанымаган жерге душман менен согушууга жөнө, ажалың болсо өлөөрсүң, аман калсаң кайрылып кайра келээрсиң деди. Ысмайыл буга макул болгусу келген жок, өлгүсү келген жок, качкынга айланды. Өз башынын амандыгын алакчылайм деп качкындыктын ит көрбөгөн азабын көрдү, жакындарын азапка салды. Турмушка болгон сүйүүсү, адамдык ар намысы уучтан сарыгып түгөнгөн суудай күндөн күнгө кемип жок болуп баратты. Согуштан башын калкалап жүргөн Ысмайылдын кышкы чилдеде суук үңкүрдө, кезээрип ачка болуп көргөн азаптозогун, үй-бүлөсүнө салган түйшүгүн (биринчи ирет-те моралдык-психологиялык түйшүгүн) абдан таасирлүү баяндаган реалдуу-элес-түү эпизоддорду окуп отуруп, окурман Ыс-майылдын коомдук парздан баш тарткан өзүмчүлдүгүн жек көрүүдөн мурда, биринчи планда, адамдардын жай турмушунун та-бигый агынын бузуп, жашоосуна бүлүк салган согушту жек көрөт; согушу жок бейпил турмуштун баасын түшүнөт; жан алгыч согуштун фонунда өмүрдүн баркын (болгондо да дезертирдин мисалында) түшүнөт; согуш бир башталса, повестте сүрөттөлгөн табийгаттын катаал кышкы чыкыроон суук, буюккан бороон, борошо, тоо-тоолордун башына салаңдаган киргил туман, асмандын бетин чылк каптаган киргил булуттар, кайыктырган караңгы түндөр сыяктуу өбөктөгөн карыдан бешиктеги балага чейин (повесттеги Ысмайылдын энеси, баласы, Байдаалынын кат күткөн, ач-жылаңач балдары) текши камтып, кыйноого салаары, мындай алааматтан жеке башын корголотуп, качып кутулуу дегеле мүмкүн эместигин түшүнөт. Анан ушулардан кийин барып Ысмайылдын, Сейденин кимдиги таанылат. Башкача айтканда, бул чыгармада биринчилик орунда көркөм иликтөөгө алынган негизги объект СОГУШ. Автор согуш аркылуу АДАМдарды эмес, а адам аркылуу СОГУШ эмне экендигин тааныгысы жана тааныткысы келет... Натыйжада, автор зор чеберчилик менен согуштун жексур образын, жексур портретин тартууга жетишкен.

Мекенди коргоо, Ата журтка кызмат өтөө – бул албетте, ыйык иш. Мекендин сакчылары, эл тынчтыгын коргоочулар катары бардык заманда эл өзүнүн азамат уулдарын тарбиялап келишкен. Элди чет душмандардан коргогон баатыр уулдардын эрдиги дастан болуп даңазаланып, муундан муунга айтылып калган. Мекенди коргоо идеясынан «Манас» өңдүү улуу дастан, «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Эр Солтоной» сыяктуу баатырдык кенже эпостор жаралган. Азыркы, өнүккөн цивилизацияга чейинки (чек аралардын такталып, мамлекеттер аралык жалпы маалыматтуулук, эл аралык макулдашуулар, эл аралык коомдук уюмдар ж.б. активдешкенге чейинки) мурдагы заманда жашоо үчүн күрөшүү, ар бир уруу, улут, мамлекет өз эркиндигин жана көз карандысыздыгын сактап туруу үчүн бир топ эле катаал маанилүү «Жоо аяган жаралуу» деген сыяктуу макалдар да жаралган.

Бирок, заман өзгөрүп, турмуш өзгөрүп, аң-сезим, түшүнүктөр жаңыланган сайын турмуштун тигил же бул көрүнүшүнө карата мамиле, көз караштар да өзгөрүүсү керек тура. Сөз болуп жаткан согуш темасы жөнүндө айтсак, элдик эпос, дастандарыбыз жаралган көчмөндүк-жоокерчилик замандын идеялык-этикалык-эстетикалык талаптары бүгүнкү глобалдык масштабдагы илимий-техникалык прогресс заманынын искусстводогу согуш темасына карата талаптарына туура келбестиги өзүнөн өзү айкын. Анын үстүнө согуш жана тынчтык проблемасы боюнча «чейин» жана «кийин» деп так ажыратуунун талап кылган, тарыхтын эсинен чыккыс Хиросима жана Нагасаки окуясы сыяктуу өтө катаал, кайрымсыз фактылар да бар.

Бул окуя, тарыхты «чейинки» жана «кийинкиге» бөлгөн чек, адамзаттын согуш жөнүндөгү түшүнүгүнө чукул бурулуштуу өзгөртүүлөрдү киргизүү менен эле чектелип

калган жок, саясатта, мамлекеттер аралык мамилелерде тескери натыйжалуу «кансыз согуш» (холодная война), ядролук жарыша куралдануу деген сыяктуу тирешкен ата-андашуучулукту да пайда кылды ж. б.. Булар эми согуш темасынын саясий, социалдык-философиялык маселелери.

Адабиятка келе турган болсок, согуш темасынын көркөм иштелишинде да «чейин», «кийинди» белгилей турган адабий чек маселесине кайрылышка туура келет. Бүткүл өмүрүн, чыгармачылык, илимий, публицистикалык, коомдук ишмердигин согуштун кыйраткыч жексур жүзүн ачууга жумшап келген жазуучу, адабиятчы, публицист, коомдук ишмер Алесь Адамович өзүнүн «О современной военной прозе» (М., 1981), «Война и деревня в современной литературе» (Минск, 1986) эмгектеринде: «Бул чек – Лев Толстой, анын согуштук чындыгы, адамдык чындыгы» – экендигин белгилейт. А. Адамович оюн андан ары өнүктүрүп, Мекен коргогон баатырларга дайым даңк, бирок согуштун чыныгы жүзүн көрсөтмөлүүлүк үчүн жасалган ооз көптүрүүлөр, куру кайрат менен шөкөттөлгөн шаңдануулар эмес, ошол эле баатырдык иштерди коштогон өмүрдүн кымбаттыгын, аялуулугун, шириндигин, өлүмдүн коркунучун сездирген чындыктуу эпизоддор ачаарын гениалдуу, реалист жазуучу Л.Толстой өзүнүн согуш темасындагы гениалдуу чыгармалары менен далилдеп, классикалык үлгүлөрдү калтыргандыгын сөз кылат, мисалдарды келтирет. Ал эми XX кылымдагы Биринчи дүйнөлүк согуштун түздөн-түз катышуучулары болгон Хемингуэй, Ремарк сыяктуу жазуучулардын антимилитаристтик чыгармаларын Толстойдун жазуучулук гуманисттик традицияларынын логикалык уландысы катары карасак болот. «Көңүл чөгөт муундун» («потерянное поколение») өкүлдөрү Хемингуэй менен Ремарк өз чыгармаларында согушту дегероизациялап, согуш – түпкүлүгүндө адамдарга жана адамгерчиликтүүлүккө каршы көрүнүш экендигин жакшы ачып беришкен. Албетте, алар империалисттик басып алуучулук согуштун катышуучулары болгон. Ал эми совет адабиятындагы «согуштук» («военная») адабият негизинен Ата Мекендик согушка байланыштуу жаралган. Бул, албетте, согушка карата «каармандардын» мамилесин өзгөртөт. Ошентсе да согуш деген согуш...

Совет адабиятындагы согуш тематикасынын тагдыры менен талабы, тереңи менен бийиги, дурусу менен бурушу Ч. Айтматовдун «Фудзиямадагы кадыр түн» драмасында эң жакшы ачып берилген.

Драманын сюжетин уюштурган негизги окуя, негизги конфликттик кырдаал драмага өзү катышпаган Сабыр аттуу каарманга, анын согуш жөнүндөгү ырларына байланыштуу өнүктүрүлөт. Драмада катышкан каармандар: Мамбет, Досберген, Исабек, Иосиф Татаевич, Айша-апа, Алмагүл, Гүлжан, Анварлардын адамдык-каармандык образдары Сабырдын «Добулбас үнү өчкөндө» аттуу реквием поэмасындагы согуштун курмандыктарына арналган ааламдык кошогуна («вселенский плач по человеку в том мировом солдатском реквиеме») карата мамилелери аркылуу тереңдетилип, айкындалат [4].

Драманын идеялык-тематикалык мазмуну жөнүндө айта турган болсок, ал көп катмарлуу, татаал. Анда жолдоштордун өз ара адамдык мамилелерине негизделген нравалык-этикалык проблемалар коомдук системада орун алган жалган ураанчыл позицияга таянган жасалма шаңдануучулук, саясатка ыңгайлашкан жанбакты жалган философиячылдык, мамлекеттик репрессиялык мажбурлоолордун кесепеттүү таасирлери сыяктуу социалдык-саясий проблемалар «Канткенде адам уулу адам болот?» деген жалпы адамзаттык философиялык проблемалар менен өз ара ажырагыс карым-катышта образдуу сюжеттик-композициялык өнүгүшкө ээ болгон.

Курдаштарынын эскерүүлөрүнө караганда драмадагы көрүнбөгөн каарман Сабыр фашизмдин баскынчылыгына кыжырданып, досторун согушка барабыз деп үгүттөйт. Беш дос бешөө тең он жетиге толуп-толбой өздөрү суранып согушка аттанышат. Согушта эрдиктерди да көрсөтүшөт, тарбиячы эжейи Айша-апа алардын командиринен алкыш кат да алат, гезитке да макталып чыгышат. Согуштан кайтып келип Сабыр менен Исабек филфакка, Мамбет менен Өсүпбай (Иосиф Татаевич) тарых факультетине, Досберген агрономдуктун окуусуна киришет. Сабыр менен Исабек согуш мезгилинде эле ыр жазып жүрүшчү. Согуштан кийин Сабырдын көз карашында, о.э. ушундан улам анын

чыгармаларынын – идеялык багытында өзгөрүүлөр болот. Анын «Эзелтен чечилбеген улуу талаш» аттуу ыры журналга басылат, «Добулбас үнү өчкөндө...» аттуу поэмасын жаза баштайт. Бул поэманын идеясы тууралуу достор арасында катуу талкуу, талаш жүрөт. Сабырдын ошондогу ырлары, поэмасы жөнүндө достордун пикири бүгүн да талаштуу. Чыгармадан үзүндү келтирели:

**Исабек.** С боями достигли государственной границы. Все было хорошо. Как ликовали. Мы, как радовались, что земля наша отныне очищена от захватчиков на веки веков. А дальше... Это мое субъективное мнение, навязывать не собираюсь... Мне показалось, что настроение Сабура как-то изменилось. Однажды он прочитал нам совершенно несвойственные для него стихи. Это было начало поэмы. Я сейчас точно не помню, но смысл их такой: «Я устал от войны, я устал от зрелища кровопролитий. И теперь, когда Родина освобождена, были бы крылья, назад бы улетел в родной Алатау...». И так далее. Грустные лирические излияния.

**Алмагуль.** Что ж тут такого совершенно понятные человеческие чувства. Исабек. Не спеши, Алмагуль. Все не так просто.

**М а м б е т.** Я не мог понять, почему он написал эти стихи...

Мы освободили нашу землю. Но это же был не конец. Борьба за нашу Родину переросла в историческую миссию освобождения народов Европы от фашизма. Ведь не мог же он этого не умница, честнейший парень, патриот? Откуда такой чуждый духу его поэзии аморфный пацифизм? Я говорил ему: ты пойми, Сабур, история так устроена. Чтобы уничтожить войну, надо идти войной...

**Гульжан.** А он что, не соглашался, что ли?

**Мамбет.** Да нет, он не спорил. Но однажды сказал: «А ты представляешь, чего это будет стоить, скольких жизней и скольких страданий». «Это неизбежно, сказал я ему. История предоставила нам один путь - сражаться до полной победы, чего бы нам это ни стоило». «Да, согласился он, ты прав». И в то же время писал поэму. Не спал, урывал каждую минуту. Постарел даже как-то... Поэма называлась «Только смолкнет набат... »

Только смолкнет набат,
Поднимаются тени убитых.
И толпою незримой
Бесшумно шагают ко мне.
Что же мне им сказать?
Каким словом утешить
Тех, что погибли
На этой гигантской войне?
-
Смерть их всех уравняла.
Просто люди.
Убитые люди.
Каждый сын человеческий.
Нет ни маршалов, ни рядовых.
Что же мне им сказать?
Собравшимся вместе,
Средь которых уж нет
Ни своих, ни чужих,
Кем задумана свыше
Судьба поколений,
Где пределы страданий
В море людском?
Что же мне им сказать,
Собравшимся вместе?
И не все ли равно им
В мире ином?..

Ну и так далее. Это были его раздумья. Ему, глубокому, честному художнику, потрясенному увиденным на войне, хотелось ответить на мучившие его вопросы очень большого порядка... Каждую новую главу он приносил к нам читать.

(...)

**Исабек.** Да, конечно. В идейном смысле поэма Сабыра была сомнительной, если не ошибочной.

Идеясы ката, «шектүү» бул поэмасы үчүн Сабыр окуудан чыгарылып, камалып кетет. Баарынан кызыгы, бул поэма эч жерде жарыялана элек болчу, аны Мамбет, Исабек, Досберген, Өсүпбай төртөөнө Сабыр өзү окуп берген, төртөөнөн башка эч ким окуган да эмес. Мамбет: «Сенин поэмаң – өткөндү эңсегендик, саясий ката» деп сындап, Сабыр экөө мушташканга чейин барат. Исабек гезитке досунун саясий катачылыгын, чыгармачылык адашууларын сындаган макала жазат. Сабырдын жаңылыштыгы боюнча маселе караган коомдук жыйынды университеттин коомдук иштерине активдүү катышып жүргөн Өсүпбай башкарат. Жыйында Досберген да өз оюн (Сабырдын «катачылыгын») айтууга аргасыз болот. Бул окуялар согуштан кийинки сталиндик репрессиянын экинчи толкуну учурунда болот. Кийин Са-

быр акталып, бошотулат. Бирок, турмуштан жана досторунун көңүлү сынган Сабыр чыгармачылыкты таштап, ичкиликке берилип кетет. Досбергендин аялы Алмагүл «Фудзияма» деп ат коюп алган бийик чокуда эс алып отурушкан достор канчалык Сабыр жөнүндө сөздөн качышкан менен ал жөнүндө эскербей коё алышпайт. Анын үстүнө Айша-апа да колдун беш манжасындай болгон беш достун арасынан өзгөчө баалаган окуучусу Сабыр жөнүндө унчукпай коё албайт эле. Күчтүү таланттын ээси боло турган Сабырдын кейиштүү тагдырын эскерүү менен катар, «ага ким күнөөлүү?» деген маселеден улам достор арасында талаш пикир туулат. Бул талаштын жүрүшүнөн ошондой эле Сабырдын чыгармачылык багыты, идеясына карата ар түркүн позициядагы көз караштар айкындалат. Эң негизгиси, драмада алдыда биз сөз кылып келе жаткан негизги темабыз – согуш темасындагы карама-каршылыктуу проблемалар туурасында маселелер көтөрүлгөндүгүндө.

Төрт каарман – төрт позициянын ээси. Ал эми согуш жөнүндө чыныгы сөз да, чындык да Сабыр тарапта.

Алгач Мамбеттин позициясы жөнүндө. Мамбет, жогоруда үзүндүдө келтирилгендей, мурда Сабырдын поэмасынан катачылыкты көргөн. Бул биресе ашкере романтизацияланган, идеялизацияланган советтик саясаттын идеологиялык тарбиянын таасири, биресе жаштык-курчтук, тажрыйбасыздыктан, биресе жеңиштин делөөрүткөн дымагынын таасиринен улам ошондой болгон. Кийин, тактап айтканда, окуя өтүп жаткан учурда Сабырдын «Эзелтен чечилбеген улуу талаш» («Канткенде адам уулу адам болот?..») аттуу ырына Иосиф Татаевич (Өсүпбайдын): «Менимче бул ырда маселе өтө абстрактуу коюлган. Мезгилдин жышаанасы сезилбейт» деген оюна Мамбет: «Ыр мага ушул турушу менен кымбат. Бүткүл адам баласына орток ой» (3-том, 44-бет) деп каршы чыгат. Ал эми анын согуш жөнүндөгү поэмага карата позициясы кыргызча вариантта ачык эмес, бүдөмүк берилип калган. «Менин кечиримсиз күнөөм – жанагыдай саясий айып тагып, түшүнбөстүгүм экен. Көрсө, ошондо чыгармачылык жол издеп, өзү менен өзү жакалашып, изденүүнүн азап-тозогунда жүргөн турбайбы.» (453-б.) «Биз заманды жаратсак, заман бизди жаратты» (456-б.) деген сыяктуу кейиген же кош маанилүү сөздөр. Мамбеттин позициясы драмынын орусча вариантында ачыгыраак, тагыраак. Мамбеттин сөздөрүнөн:

«... Это были его раздумья. Ему, глубокому, честному художнику потрясенному виденным на войне, хотелось ответить на мучившие его вопросы очень большого порядка...; ... Как же я смел бросить в лицо такие обвинения ему, другу, поэту, который именно там, на фронте, постиг всю глубину и трагичность человеческого бытия. Он пытался выразить великую вечную истину о человеке. В этом была его уязвимость, но в этом отражает же была и его сила...К сожалению я понял это слишком поздно... [1].

Экинчи позиция – Исабектин позициясы жөнүндө. Эң бир татаал, талаштуу позиция ушунуку. Бекеринен Исабек акын, жазуучу, чыгармачыл интеллигенциянын мүчөсү эмес. Ал саясаттын көрсөтмөлөрүн илгиртпей түшүнүп, аны өтө элпектик менен ишке ашырууну өзүнүн акындык-граждандык милдети катары түшүнөт. Сабырга окшогон бөтөнчө, өзгөчөлүктүү көз караштагы акын-жазуучулар манжа менен саналчу, сейрек, жеке көрүнүш. Эгерде Сабыр Мамбеттин «Сен акын катары түз жолуңдан адаштың» деген пикирине «Көркөм өнөрдө сызып койгон түз жолдор жок, сенин ченемиң мага туура келбейт» деп жооп бергениндей, чыгармачылык өз алдынчалуулукту жактаган, эстет-индивидуалист акын болсо, прагматик жазуучу Исабек өмүр бою мамлекеттик көрсөтмөлөрдүн чийининен чыкпаган мактоо, даңктоого толгон чыгармаларды жазып, том-том китептерин чыгарып келет. Исабектин сөзүнө көңүл буралы: «Биздин жеңиштин даңазасын ырдоонун ордуна, каяктагы бир калпыс ойлорду айтып туруп албадыбы... Көркөмдүгү күчтүү болгону менен, ички түшүнүгү талаштуу болуп калды. «Арамдыкты адамдык менен жеңе албайсың, согушту согуш жеңет, бул чындыктан четке чыгып турууга эч кимдин укугу жок» деп айттым ага» (3-том, 450-бет).

Үчүнчү позиция Досбергенге таандык. Эң эле кайдыгер бейтарап, ошол эле учурда принципсиз позиция. Табиятынан ак көңүл, бетке айтма Досберген Сабырдын адам катары артыкчылыгын билет жана баалайт. А бирок ал искусствого да, илимге да, саясат-

ка да турмуш-тиричиликчил, керектөөчүл позициядан гана мамиле кылат. Аны келечек да, өткөн чак да, түбөлүктүү жалпы адамзаттык проблема деген кеңири түшүнүктөр да кызыктырбайт, алар үчүн башын ооруткусу келбейт. «Сабырдын ал ырлары тууралуу кандай ойлойсуң деп азыр сурасаңар бар эмеспи, мына ак дасторкон турат, башымды көп оорутпагыла дээрим ачык. А кезде болсо, унчукпай кутулганды туура көргөм. Чакырып алып сураса, бирдеме айтат элек дечи. Жөнү жок жулуна бериш, кудай билет, туура болот беле, же... Ал мезгил өзү катаал мезгил болчу.» (3-том, 452-бет). Чын-чынына келгенде, жөн салды, жайынча эле айтылгансыган Досбергендин бул сөздөрүндө да бир топ маани – мезгил чындыгы жана актануунун жүйөөсү жатат. «Кудай билет, туура болот беле, же...» дегениндей, балким достордун бирөө-жарым Сабырдын ак экендигин айтып, жазып бийликке кайрылганда, Сабырды куткармак түгүл, «саясий жактан идеялаш, таламдаш» деп өздөрү да кошо камалып кетиши мүмкүн эле. Ошол эле жерде Досбергендин сөзүндө айтылып тургандай, «ал мезгил өзү ошондой катаал болчу.»

Төртүнчү позиция. Эң коркунучтуу жана залалдуу позиция Өсүпбайга же Иосиф Татаевичке таандык. Өсүпбай мансапкор адам. Мансап үчүн уят-сыйытын, досторун сатып жиберүүгө даяр, кылмыш жасоодон тартынбай турган адам. Ал үчүн «...Чындык, боорукерлик, мээрмандык... Мунун баары – абстрактный гуманизм... Христианшина» (3-том, 430-бет). Турмуштук принциби – «дайыма өз позициясын бекемдеп, өз бактысы үчүн шарт түзүү» (Өсүпбайдын өз сөздөрүнөн). Ал эми Сабырга карата мамилеси: «... алиги өз башына балээ болуп түшкөн поэмасына менин эч кандай тиешем жок. Айтаарым ушул. Болбосо, эмне үчүн ал жумурай журттан акылдуу, көктөн түшкөн кеменгер болуп көрүнгүсү келди? Андай ырлар, азыр өзүң айткандай, менин сагынычыма да, кубанычыма да жат көрүнүш.» (446-б.); «...Ырларынын өзү тескери болчу. Менин эркиме койгондо, мындайларды мен азыр да жакын жуутпас элем...» (452-б.).

Исабек жан тынчтыгы үчүн чийинден чыкпоону жактагандардан болсо, Өсүпбай саясаттын камчысын чаап, чийинден чыккандарды жазалоочул-«күжүрмөндөрдүн», жасоолдордун катарынан. Мамбет, Исабек, Досбергендер согушта көргөндөрүн, курман болгондорду эстеп кайгырышы мүмкүн. Ал эми Иосиф Татаевичке мындай нерсе таптакыр жат. Бир кездеги досу Сабырдын талкаланган тагдырына кайдыгер болгон сыяктуу эле, согуштун курмандыктарына кейип-кепчүүнүн эмне зарылдыгы бар деп ойлойт. Ал бүгүн согушту анын катышуучусу катары коомдо өз баркын көтөрүү, урматталуунун себеби катары эстөөнү гана унутпайт.

«Фудзиямадан» кийин согуш темасына түздөн-түз байланыштуу «Эрте жаздагы турналар» (1975), «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» (1977) повесттерин жазды. Жазуучунун Жер шарына сырттан туруп «космикалык» көз караштан кароо, адамдарга алардын бир боор мекен жайы болгон бул планетага өтө аёолуу, кылдат мамиле кылуу зарылдыгы жөнүндө «масштабдуу» сөз айтуу аракети дал ушул «...Ала-Дөбөттөн» башталат. Бул чыгарма жанры боюнча, чыгаан адабиятчы айтматовтаануучу Георгий Гачев таамай аныктагандай, повесть-притча.

Айтматовдун чыгармачылыгын 60-жылдардын башынан тартып үзгүлтүксүз системалуу изилдеген окумуштуу повесть жөнүндөгү талдоосун адеп эле чыгыш притчасынан баштайт. Чыгыштын бир падышасы аалымдарды чогултуп алып, адам жашоосунун маңызын түшүндүргөн китеп жазгыла деп буйруйт. Жылдар өтүп, аалымдар ага 20 томдон турган китеп алып келишет. Муну окуп чыгышка өмүрү жетпесин билген падыша кыскартып жазууну тапшырат. Дагы жылдар өтүп 5 томдук, акыры 1 китеп болуп кыскарат. Ал китепти ханга алып келишкенде хан өлүм алдында жаткан. Ошондо хандын суроосуна жашоонун маңызы: «Төрөлдүм, жашадым, кыйналдым, өлдүм» деген төрт сөзгө сыйдырылып жооп берилет. Г. Гачев повестте да айтматовдук ой ошол сыңары жерине жеткире абстракцияланган дейт [5]. Кийин жазуучу өзү дагы бул көркөм абстракциясын айкындап «биз баарыбыз бир кайыктабыз – а сыртта аалам чексиздиги» деп айткан.

Повестте кабат-кабат метафора. Деңиз жана аны бойлоп чуркаган Ала-Дөбөт = космос мейкиндиги жана космос мейкиндигинен ала боор топтой көрүнгөн Жер планетасы; деңизде (= космос мейкиндигинде)

сүзгөн кайык (= жер) жана андагы чоң ата (Орган карыя) + ата, ага (Эмрайин, Мылгун) + бала (Кириск) = улуу муун + орто муун + кичүү муун = өткөн чак + учур чак + келечек. А эгер өткөн чак (улуу муун), учур чак (орто муун) өз кызыкчылыгын гана ойлоп же чечкинсиздик кылып келечек үчүн кам көрбөсө анда өткөн чак да, учур чак да, келечек да жок. А эгер алар «суу» талашып (кайыкта) мушташа баштасачы?.. – Айтматов ушинтип жер үстүндө тынчтыкты сактоо жөнүндөгү өзүнүн ааламдык ойлорун бир ирет притчалык формага салып айтты.

«Ала-Дөбөттөн» кийин «Кылым карытаар бир күн» романы жазылды. Романдын жанрдык талабына ылайык бул чыгармада демейки айтматовдук ойдун көп катмардуулугу, сюжеттик көп пландуулук андан ары өөрчүтүлөт. Согуш проблемасы бул романда көркөм чагылдырууга ээ болгон көп проблемалардын бири. Уруучулук доордогу согуштун курмандыгы Найман эненин трагедиясы, герман-совет согушунан кийинки советтик-югославиялык саясий тирешүүчүлүктүн курмандыгы болгон Абуталиптин трагедиясы, ага параллель сүрөттөлгөн Чыңгыз хандын согуштук жортуул учурундагы окуя жана илимий-техникалык прогресс заманындагы согуштук кырдаалды баяндаган жарым фантастикалык метафора – бул жазуучунун согушу жок коом жөнүндөгү кыялы. Анда «Паритет» деп аталган космостук станцияда иштеп жаткан эки космонавт башка бир планеталыктардын жиберген байланыш сигналдарын кабыл алышып, алар менен байланыш түзүп, алардын планетасына келип кетүү жөнүндөгү чакырыктарын кабыл алышат. Ал планеталыктардын жетишкен илимий бийиктиги, жогорку маданияты жана идеялдуу коомдук түзүлүшүнө суктанышкан космонавттардын жерликтерге жиберген билдирүүлөрүндө төмөндөгүдөй маалыматтар айтылат:

«Бирок таң кала турган бир нерсе: булар мамлекет деген эмне экенин, курал-жарак деген эмне экенин, согуш деген эмне экенин билишпейт экен. Илгерки тарыхында, балким, согуш да, мамлекет, акча дегендер да жана аларга байланыштуу коомдук мамиленин башка категориялары да болгондур, анысын так айта албайбыз, бирок азыр ушу мезгилде зордук-зомбулуктун институту болгон мамлекет, күрөштүн өзүнчө бир формасы болгон согуш деген түшүнүктөрдү булар таптакыр элестете алышпайт. Биздин Жердеги басылбаган көп согуш тууралуу айтып берсек анда биздин адамзат жоругу макоолук же маселе чечүүнүн айбанчылык түрү болуп көрүнөр беле деп ойлойбуз.

Булардын турмушунун уюштурулуш калыбын биз жердиктер ойлоо стереотибибиздин кесепетинен түшүнө бербейбиз, же таптакыр түшүнө албайбыз.

Булар күрөшүүнүн бир түрү болуп эсептелчү согуш дегенди планеталык коллективдүү аң-сезимден биротоло жоготкон деңгээлге жеткен экен. Ошондон улам цивилизациянын бул формасы кыял-санаа жетчү аалам аймагында эң алдыңкы цивилизация болуу керек» [2].

Жер жүзүндө тынчтык үчүн согушка каршы туруу идеясы жазуучунун соңку романдарында да улантылат. «Кассандра тамгасы» романынын сюжеттик-образдык системасы аркылуу жер бетин ок-дарыга шыкап бүткөн жарыша куралдануу жарык дүйнөгө келүүнү каалабаган кассандро-эмбрион көрүнүшүнүн башкы себептеринин бири экендиги тастыкталат. Ооба, душман басып келсе, Мекенди чет душмандардын тепсендисинен сактоо керек, аларга каршы туруу керек. Бул айныксыз түшүнүктүү нерсе. Бирок, Мекендин коргоочуларын тарбиялоодо негизги басым белгисиз, же белгилүү душманды жек көрүүгө үйрөтүү эмес, а биринчи иретте жоокерди өз Мекенин жана мекендештерин сүйүүгө, урматтоого адамкерчиликке, адам өмүрүн, туулган жердин ыйыктыгын, кооздугун баалоого тарбиялаш керек экен. Себеби, согуш өртүн тутандыруучулар адам өмүрүн баалабаган, адамгерчилиги аз, ач көз, өзүмчүл таш жүрөк адамдардын арасынан чыгат экен. Анын үстүнө бардык адамдар, бардык мамлекеттер өз кызыкчылыктарын гана ойлоп «душманды кыр, жогот, өлтүр» деген гана саясатты жүргүзө беришсе, жер үстүндөгү тынчтык, бардык адамдардын бейпилдикте жанаша жашоосу жөнүндө, адам өмүрүн сактоо, сыйлоо, камкордук көрүү сыяктуу жалпы адамзаттык гуманисттик идеяларды, «өлтүрбөң!» ким айтат?..

Качан гана каршылашкан бардык тараптардан «өлтүрбө!» идеясы колго алынып, бу-

зулгус ыйык эрежеге айланганда гана согуш коркунучу жок болот экен.

“Ар бир адам, ар бир мамлекет ушул принципте тарбияланса жана жашашса коом алда канча таза болуп, адамзаттын өнүгүшү дагы бир топ алдыга кетерине жазуучу да, каарман да терең ишенет” [3].

Согуш – түпкүлүгүндө, жашоонун түбөлүктүүлүк мыйзамына карама-каршы көрүнүш.

Согушу жок, согуш коркунучу жок жашоо жөнүндөгү алдыдагы узак мезгилге, келечекке багышталган Чыңгыз Айтматовдун пацифисттик жазуучулук эстетикалык идеалы «Адам жана Дүйнө» жөнүндөгү дүйнөлүк окурмандардын түшүнүмдөрүнө өзүнүн оң таасирин тийгизип, сапаттуу жылыштарды алып келсин деген оптимисттик тилекте теманы аяктайбыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Айтматов Ч. Собрание сочинений: В 7-ми томах. Т. 4. – М., 1998. – стр. 399- 401-б.
2. Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. Төртүнчү том. – Бишкек, 2008. – 111-б.
3. Акматалиев А. Аалам, Адам жана Жаабарс. Адабий изилдөө. – Бишкек, 2006. – 76-б.
4. Восхождение на Фудзияму. Пьеса. – В книге: Айтматов Ч. Собрание сочинений: В 7-ми томах. т. 4. – Москва, 1998. – стр. 400.
5. Гачев Г. Чингиз Айтматов. (В свете мировой культуры). – Фрунзе, 1989. – с. 317.